# СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР

***Анарбаева Г.А., Эсенова А.К.***

## Миграциялык процесстин билим берүүгө тийгизген таасири

Бүгүнкү күндө дүйнө жүзү алаканга салгандай көрүнүү, адамзат тагдыры бири-бирине жипсиз байланган жашоо болуп, массалык жалпылашууга өткөн заман, укмуштай тездик менен өнүккөн жогорку техника доору келди. Бул доор адам баласынын акыл жөндөмдүүлүгүнүн эң жогорку жетишкендиги. Ушундай доорго дуушар болгон, тагдыры чиеленишкен 200-дөй өлкөнүн бүгүнкү күндөгү көйгөйү, ар бири улуттук өзгөчөлүгүн, маданий-руханий баалуулуктарын, тилин улуттук каада-салттарын сактап кала албагандыгы. Көпчүлүк улуттук маданияттар дүйнөлүк жалпы маданиятка каршылык көрсөтө албай калды. Заманбап жалпы маданият ааламдашуунун эң таасирдүү куралына айланып, укмуштай тездик менен дүйнө элдерине жайылууда.

Кыргыз эли эгемендүүлүккө жетишкенден баштап рухий баалуулуктары да бир топ жогорулады. Рухий баалуулуктун өнүгүшүндө азыркы күндө илим-билимдин жаштарга тийгизген таасири абдан чоң. Коомубузда болуп жаткан терс көрүнүштөр үй-бүлөлүк бузулуулар, ата менен баланын ортосундагы келишпөөчүлүктөр, бир туугандардын чыр чатагы, жаштардын баңгичиликке, бекерчиликке, оңой - олтоң оокат табууга аракети, текеберчилике, эгоизмге берилиши азыркы күндүн олуттуу ойлондуруучу маселелеринин бири болуп саналат. Айрыкча акыркы мезгилдерде жаштарыбыз постсоветтик мезгилдеги таалим-тарбия иштерин таназар алышпайт бул иштердин жетекчилигине аралашышпайт, түз айтканда ачык-айкын каалашпайт, себеби алар азыр интернет, уюлдук телефон, чет өлкөлүк кинотасмалардан көбүрөөк маалымат алышат. Көп кыргыз атуулдарыбыз коммунисттик партия мезгилиндеги талапка ылайык, улутубуздун каада-салтын, үрп-адатын, жада калса эне тилин балдарына үйрөтмөк түгүл өздөрү да унутуп калышкандыгы бүгүн сыр эмес. Дагы шүгүрчүлүк келтиришибиз керек эгемендүүлүктүн шарапаты менен бир топ жаңылануу болуп кыргыз тили жөнүндө мыйзам кабыл алгандан баштап кайрадан өз улутубуздун ыйык салттарын жайылтуу иштери жакшы жолго коюла баштады. Ата-бабаларыбыздын бизге мурас катары калтырылган үрп-адаттарын, каада-салттарын коргоо биздин атуулдук парзыбыз, мамлекет алдындагы милдетибиз жана ата-бабаларыбызга болгон карызыбыз.

Адам баласы бул жашоого бир келип бир кетээрин, өзүнүн турмушунда канчалык оор сыноолорго туш болоорун, ал сыноолорго туруштук бере алабы жокбу, эгер кыйынчылык болсо токтоолук менен жакшы жаманды ылгап анан жыйынтык чыгарабы же оңой олтоң жолун издейби??? Бул тагдырдын татаал жолдору азыркы күндө ар кимди эле туйшалтып ойлонтура бербейт, себеби адам баласы бүгүнкү күндө жашоого тик кароодон коркот. Буга эмне түрткү болууда турмушпу? азыркы коомбу? же өзүбүздүн кайдигерлигибизби? же жашоого болгон жеңил ойлуулугубузбу? Мындай суроолорду бүгүнкү күндө ондоп, жүздөп тапса болот, бирок жооп табууга андан чыгып кетүүгө ар бир эле адам баласынын эрки жете бербейт. Себеби бүгүнкү турмуштун кыйынчылыгы ар бир адам баласынын дүйнөгө болгон рухий көз карашы менен чектелет. Ооба жашоо, турмуш биздин тагдырыбыздын негизги өзөгүн түзөт, бирок ошол турмушту татыктуу жашап өзүбүздүн коомдогу оордубузду так аныктап артыбыздан жакшы ийгиликтерди, алгылыктуу иштерди аткарсак анда биз өзүбүздүн өткөргөн өмүрүбүзгө өкүнбөйбүз, а бирок тескерисинче бул жашоого бир келип анда күнүмдүк жыргалчылыгыбызды ойлоп артыбызда из калтырбасак анда өкүнүчтүү. Мындай маселелерди чечүүдө, коомго болгон көз карашыбызды өнүктүрүүдө жана аны татыктуу жашоого ондоодо азыркы илим-билимдин жаш муундарга тийгизген ролу чоң болушу керек жана жеткиликтүү иш чараларды алып барыш керек. Бирок турмуштун татаал тагдырына туш болуп андан чыгуу жолдорун таппай жүргөн атуулдарыбыз, күнүмдүк ырахатка бөлөнүп

алдоонун чеңгелине туш болгон эже-синдилерибиз, тирүүлөй жетим калган мотурайган балдарыбыз, тогуз ай сыздап төрөп өзү ичип жебей эрезеге жеткирип бирок карыганда бир кесе ашка ээ болбой заңгырата салынган кең үйдүн бир бурчунан орун алалбай текебер келин, өзүмчүл эр азаматтарыбыздын айынан карылар үйүндө зар какшап муңу кудайга жеткен ата-апаларыбыз канча? Мындай аянычтуу тагдырлар тилекке каршы азыркы күндө четтен чыгат. Ал тургай бир ууч улутубуздун жоголуп кетүү коркунучу да бүгүнкү күндүн оорчундуу маселелеринин бири болуп калганы да чындык, себеби айылдан жакшы ниет менен келген жаш кыздарыбыз окуу жайына өтө албай кур намыска берилип кайра айылына кетпей, аталары менен тең айрым аттуу баштуу атуулдарыбыздын алдануусуна кабыл болушат, же болбосо акчага алданып чет өлкөлүк жарандарга турмушка чыгып ал жакка баргандан кийин көпчүлүк жаш кыздарыбыз денесин сатып күн көргөндөрү канча, ошондой эле жогорку маянадагы ишти айтып алдап алып кетишип кайра артка келе албай калган жарандарыбыз канча. Бул иштерди жасаган жарандарыбыз кудайдан да коркпой, өз кызыкчылыгын жогору койгонун көрүп тобо келтиресиң. Дагы бир жаман көрүнүш азыркы кезде айрыкча кыз ала качуу жана анын кесепеттери. Социологиялык изилдөөлөргө кайрылсак ала качып турмуш кургандардын экинчи үй – бүлөсү ажырашуу менен аяктоосу өкүнүчтүү. Буларга каршы эч кандай иш алып барылбайт, тескерисинче таш түшкөн жеринде орун алып, акыры кайгылуу окуялар менен бүтүп кур намыстын айынан өздөрүнүн жанын кыйган кыздар канча, себеби алар өз укугун коргогонду билишпегендиги аянычтуу. Жалпылап айтканда эгер тез арада жаш муундарга жеткиликтүү таасир калтыра турган таалим-тарбия бере албасак кайрадан туңгуюкка кириптер болушубуз толук ыктымал. Өнүгүү процессин жаштар кандай кабылдайт?, кандай ой жүгүртөт? алар аны сиңирүүгө даярбы? же даяр эмеспи? бул өзүнчө каралуучу азыркы күндүн олутту маселеси. Чыныгы тарбия, илим-билимге кызыгуу үйдөн башталат. Үй-бүлө куруп балалуу болуп аларды коомубуздун керегине жарагыдай кылып тарбиялоо ар бир ата-эненин ыйык милдети болуп саналат. Азыркы күндө коомубуздун экономикалык оор шартында көп балалуу болуу, аларды туура багытта тарбиялоо оңой олтоң иш болбой калды. Көп балдар ата-эненин мээримине зар болуп чоңоюшууда. Ал ата-энелер аргасыздан акча табуу үчүн чет өлкөлөргө барып иштеп, баланы акча менен толук камсыз кылып, бирок тарбия жагына көңүл бурулбай жаткандыгы бүгүнкү күндүн дагы бир оорчундуу проблемасы болуп саналат.

Алгач балдарды тарбиялоодо бала-бакчалардын ролу чоң. Азыркы күндө Жалал-Абад областы боюнча 2007-2008 жылдагы статистикалык маалымат боюнча 114 бала бакча иштеген анын 89-у мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланса, калганы жеке менчике өткөрүлүп берилген, аларда жалпысынан 9729 бала тарбияланган. Бирок акыркы жылдарда көп бала бакчалар бош калып айрым мекеме ишканалардын менчигине өтүп кетүүдө. Биринчиден бакчанын төлөмү өскөндүктөн көп ата-энелер ага даремети жетпей балдарын бере албай жатса, экинчиден ал бакчалардагы түзүлгөн шарттар азыркы талапка жооп бербейт. Көп бала бакчалар айрыкча айыл кыштактарда такыр эле иштебей калды, иштеген бакчаларда балдардын саны аз. Ал шаардагы шарты жакшы бала - бакчаларда 1 эле тайпада 40 - 45 балага жетип аларга жеткиликтүү көңүл бурулбай калууда. Эгер мамлекет тарабынан бала бакчаларга жакшы көңүл бурулуп, алардын шартын оңдоп, тамак-аш жагынан жардам берилсе көптөгөн мотурайган наристелерибиз өз мезгилинде тамактанып, уктап, көптөгөн кызыктуу маалыматтарды алып келечекте татыктуу тарбия алышмак. Дагы бир көйгөйлүү маселе бакчада эмгектенген тарбиячылардын жана мээрбан эжелердин маянасынын аздыгы. Алар күн бою балдар менен болуп арзыбаган айлык акы менен эмгектенишүүдө. Билим берүүнүн жерпайы башталгыч класстарда курулат эмеспи. Социалисттик коом таркап башка коомго карай жүрүшкөн кыргыз өлкөсү ар тараптан өзгөрүүлөргө, жаңылануута, тоскоолдуктарга кыйынчылыктарга дуушар болду.

Кайра куруу, өзгөрүү, жаңылануу мезгилиндеги материалдык кыйынчылыктар билим берүүгө түздөн–түз таасирин тийгизди. Айрым мугалимдерибиз жана тарбиячыларыбыз кана сабактарында көргөзмө куралдарды пайдаланышса, ал эми көпчүлүк орто мектеп мугалимдери

жана бала бакча тарбиячылары көрсөтмөлүүлүктү уюштурууга дарамети жетпей калды. Бул көрүнүш каражат маселесинин тартыштыгына байланыштуу болуп күндөлүк өтүлүүчү сабактарга өз таасирин тийгизүүдө. Социализм доорундагы мектептерге жөнөтүлүүчү окуу куралдары, шаймандары, көрсөтмөлүүлүкө багытталган плакаттар чыгарылбай калды. Мектептердеги жана бала бакчаларындагы техникалык каражаттардын көбү иштен чыккан, бузулган же алып салынган.

Буга окшогон көйгөйлүү проблемаларды билим берүү жагынан ондоп мисалга келтирүүгө болот. Булардын бардыгы билим берүүнүн сапатына жана билим алуунун натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизип жатат. Бул проблемаларды чечүүдө жапа тырмак киришсек бир топ маселелер оң тарапка чечилмек.

***Адабияттар***


1. *Кумскова Н.Х.* Методологические аспекты исследования проблемы народонаселения: Логика и методологические аспекты научного познания. - Ф., 1981. - с. 89-93;
2. *Кумскова Н.Х.* Закономерности движения населения Киргизии. - Ф.: Киргизстан, 1983. - 102 с;
3. *Жоробеков Ж.Ж.* Этнодемографические процессы в Кыргызстане (вчера, сегодня, завтра). - Бишкек: Илим, 1998.
4. *Элебаева А.Б.* Развитие межэтнических отношений в новых независимых государствах. - Бишкек: Илим, 1995.-215 с.
5. *Топилин А., Шульга В.* Содружество Независимых Государств: проблемы и возможности социально-демографического развития: Центральная Азия и Кавказ. 2001. №3(15). С. 189-204;
6. *Рудов Г.* Россия-Кыргызстан: динамика и перспективы межгосударственных отношений: Центральная Азия и Кавказ. 2001. №4(16). С. 48-57.


* * *